**Адабияттар тизмеси:**

1. **Ташпынар, М.** Окутуунун жалпы методдору [Текст] / М. Ташпынар, А. Алимбеков. – Б.: КТМУ, 2004. – 19 с.
2. **Исаков, Б.С.** Кыргыз адабияты 8-класс [Текст] / Б.С. Исаков, Ч.Б. Исакова. – Б.: Билим компьютер, 2007. – С. 27-65.
3. **Үкүева, Б.** Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуунун жолдору [Текст] / Б. Үкүева. – Б.: Полирафбумресурсы. – С. 243-243.
4. **Алимбеков, А.** "Манас" – салттуу педагогикалык билимдердин көөнөрбөс булагы [Текст] / А. Алимбеков // Шоокум. – 2014. - №9 (97). – 8 с.
5. Кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст]: фольклористика. Оозеки чыгармачылыктын жанрлары. – Б.: Шам, 2004. – Т. 1. – 27 с.
6. **Таштемиров, Ж.** Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки [Текст] / Ж. Таштемиров, С. Байходжоев, С. Закиров. – Ф.: Илим, 1973. – 75 с.
7. **Мусаев, С.** Манас [Текст]: кыргыз элинин баатырдык эпосу. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча / С. Мусаев. – Б.: Хан-Теңир, 2010. – 1840 с.
8. **Байгазиев, С.** Улутум кыргыз урааным Манас! [Текст] / С. Байгазиев. – Б.: Алтын принт, 2020. – 60 с.
9. **Масалиева, Н.У.** Манас эпосундагы руханий лексикалуу айрым маселелери [Текст] / Н.У. Масалиев // Наука. Образования. Техника. – Ош: КУМУ, 2022. - № 1. – С. 117-122.
10. **Үкүева, Б.К.** Искусство сказания эпоса Манаса и её секреты [Текст] / Б.К. Үкүева // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУМУ, 2016. – № 3-4. – С. 72-74.

DOI:10.54834/16945220_2022_3_126

Поступила в редакцию 17.06.2022 г.

**УДК:372.854(043)**

***Маматова А.А.***

*аспирант Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б. Сыдыкова,*
*Кыргызская Республика*

## ХИМИЯ ПРЕДМЕТИН ОКУТУУДАГЫ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ БАГЫТТАЛГАН ТАПШЫРМАЛАР

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары медициналык колледждерде химия предметин окутууда компетенттүүлүк мамилени ишке ашыруу жана компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды колдонуу зарыл экендиги каралган. Изилдөөнүн максаты-болочок адистерди даярдоодо компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды колдонуу менен кесиптик билим берүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана студенттердин предметке болгон кызыгуусун активдештирүү, кесипке багыттап билим берүүнүн актуалдуулугун көрсөтүү. Изилдөөдө студенттердин алган билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн өнүктүрүүчү компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар аркылуу байкоо жүргүзүү, анализ жана синтез илимий методдору колдонулду. Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды киришүү, жаңы материалды өздөштүрүү, өтүлгөн теманы бышыктоо, жыйынтыктоо сабактарында колдонууга болот. Изилдөөнүн илимий баалуулугу компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды колдонууда студенттерде чыгармачыл ой-жүгүртүү, өз позициясын оозеки жана жазуу түрүндө ачык, так баяндоо көндүмдөрүнүн өнүгүшү байкалды. Изилдөөнүн негизинде предметтин мазмунуна ылайык компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар иштелип чыкты жана колдонулду. Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды колдонуунун эффективдүүлүгүн эске алуу менен окутуу процессинде бардык предметтер боюнча компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды иштеп чыгуу жана колдонуу сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *компетенттүүлүк; компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар; кесиптик компетенция; эритмелердин концентрациялары; гем; темир иондору.*

## КОМПЕТЕНТНО-ОРИЕНТИРОВАННЫЕ ЗАДАНИЯ В ПРЕПОДОВАНИИ ХИМИИ

*В данной работе в качестве предмета исследования рассматривается необходимость реализации компетентного подхода и использование компетентно-ориентированных заданий в обучении*

*химии в медицинских колледжах. Цель исследования-повысить эффективность профессионального образования используя компетентно-ориентированные задания при подготовке будущих специалистов, активизировать интерес обучающихся к предмету, показать актуальность профессионального образования. В исследовании использовано научные методы наблюдения, анализа и синтеза при применении компетентно-ориентированные задания, которые развивают знания, навыки и умения учащихся. Научная ценность исследования заключалась в развитии навыков творческого мышления, устного и письменного изложения с собственной позиции студентов при применении компетентностных заданий. На основе исследования были разработаны и использованы задания с компетентными подходами в соответствии с содержанием предмета. Учитывая эффективность заданий с компетентными подходами, рекомендуются разработать заданий с компетентно-ориентировочными подходами по всем предметам в учебном процессе.*

***Ключевые слова:*** *компетентность; компетентно-ориентированные задания; профессиональные компетенции; концентрации растворов; гем; ионы железа.*

## COMPETENCE-ORIENTED TASKS IN TEACHING THE SUBJECT OF CHEMISTRY

*In this paper, as a subject of research, it is considered that it is necessary to implement a competence approach and use competence-oriented tasks in the teaching of chemistry in medical colleges. The purpose of the study is to increase the efficiency of professional education by using competence-oriented tasks in the preparation of future specialists and to activate the interest of students in the subject, to show the relevance of vocational education. Scientific methods of observation, analysis and synthesis were used in the research through competence-oriented tasks that develop the acquired knowledge, skills and abilities of students. Competency-oriented tasks can be used in introductory, mastering new material, consolidating previous topics and in the final lessons. The scientific value of the study was to develop the skills of creative thinking, oral and written presentation of one's own position using competence-oriented tasks. Competence-oriented tasks were developed and used in accordance with the content of the subject. Taking into account the effectiveness of the use of competency-based tasks, it is recommended to develop and use competency-based tasks in all subjects in the educational process.*

***Key words:*** *competence; competence-oriented tasks; professional competencies; solution concentrations; gem; iron ions.*

Коомдогу экономикалык, маданий жана технологиялык өнүгүүлөр билим берүүнүн сапаттык деңгээлин жогорулатууга талап коюуда. Келечек жаштары жашоонун жаңы шартында өздөрүнүн татыктуу ордун табууда терең жана бекем билим алуусу керек экендигин баарыбыз эле түшүнүп калдык. Бүгүнкү күндө кайсы багыттагы билим берүү болбосун, өзүнүн алдына ар тараптан өнүккөн, компетенттүү адистерди даярдоо максатын койот. Бул максаттарды ишке ашырууда коомдун күзгүсү болгон мугалимдердин эмгегинин социалдык ролу жогорулоодо, анткени компетенттүү адистерди мугалим окутат. Окутуудагы компетенттүүлүк мамиле үйрөнүүчүлөрдү алган билимдерин, билгичтиктерин колдоно билүүгө, көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө болот, маалыматты топтоо, анализдөө, алынган натыйжаларды баалоого үйрөтөт жана белгисиз, көйгөйлүү кырдаалдарды натыйжалуу иш жүзүнө ашырууга мүмкүндүк берет. Мында “компетенция” жана “компетенттүүлүк” терминдеринин маанилерин түшүнүү зарылдыгы келип чыгат. Анткени бул терминдер билим берүүнүн учурдагы максаттарын түшүнүүгө жардам берет.

“Компетенция, компетенттүүлүк” түшүнүктөрүнө бир топ окумуштуулар кайрылып, түрдүү аныктамаларды берип келишет. В.И. Байденко “Компетенция – личносттун анык бир кесиптик жана социалдык маанилүү жагдайларда өздүк иш-аракеттеринен көрүнгөн билим алуудагы ийгиликтеринин чени” – деп айтса [1], А.В. Хуторский “Компетенция – бул анык бир предметтердин жана процесстердин чөйрөсүнө тиешелүү болгон, ошондой эле аларга карата сапаттуу өнүмдүү аракет үчүн зарыл личносттун өз ара байланышкан сапаттарынын жыйындысы” деп белгилеген [2]. Бул боюнча бир топ изилдөөлөрдү талдоого алып келип, М.Алтыбаева төмөндөгүдөй тыянак билдирген: -“Компетенция түшүнүгү көбүнчө бүтүрүүчүнүн даяр болгондугу, жөндөмдүүлүктөргө ээ болгондугу, ишмердиктин методдоруна, каражаттарына реалдуу ээ болуусу, коюлган милдеттерди аткара алуу мүмкүнчүлүгү, курчап турган айлана-чөйрөнү өзгөртүп түзүү боюнча максаттарды коюуга жана аларга жетүүгө мүмкүндүк бере тургандай формада билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн айкалышы менен ту-

юнтулган билим берүүнүн натыйжаларын белгилөө үчүн колдонулат” [3]. Ал эми Б. Кособаева “Студенттердин окуу-изилдөөчүлүк компетенттүүлүгүн калыптандыруу, кесиптик билимдерди жана практикалык тажрыйбаны топтоодо гана эмес кадрларды даярдоонун көп деңгээлдүү системасынын максаттарын ишке ашыруунун өтө маанилүү каражаты гана болуп калбастан, инсандын чыгармачыл потенциалын өнүктүрүүдө да маанилүү” – деп баса белгилеген [4].

Компетенциялар билим берүүнүн, окутуу процессинде калыптанып, инсандын андан аркы ишмердүүлүгүндө фундамент боло алат, ал эми компетенттүүлүк өздөштүрүлгөн билимдерди, билгичтиктерди күндөлүк турмушта жана практикалык ишмердүүлүктө колдонуу болсо, компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар ушул көндүмдөрдү өнүктүрүүдөгү негизги каражат катары эсептелет.

Демек, кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу орто жана жогорку окуу жайлардын маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат. Анткени, студенттер да окутулуп жаткан ар бир дисциплина боюнча компетенттүү болуулары зарыл. Ал өзү тандаган предметтен зарыл болгон билимди алуу менен, тиешелүү жүрүм-турум моделин таап, аны апробациялап, аны өзүнүн жеке стилине туура келген , адеп-ахлагына туура келгендерин иргеп отуруп, компетенттүү боло алат. Ошону менен алар алган билим, билгичтик, көндүмдөрүн реалдуу турмуштук маселелерди, көйгөйлөрдү чечүүдө пайдаланып, өз ойлорун, көз караштарын, сезимдерин эркин билдире алуу жөндөмүнө ээ боло алышат.

Атайын орто медициналык билим берүү стандартында [5] төмөндөгүдөй компетенттүүлүк талабы коюлган:

- алган негизги билимдерди өз алдынча өркүндөтүү жана заманбап технологияларды колдонуу менен кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдалана алуу;
- ар түрдүү кырдаалдарда чечимдерди чыгара билүү жана жоопкерчиликте болуу;
- билим, билгичтиктерин сергек жашоо, айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууда колдоно алуу;

Медициналык колледждин студенттери үчүн химия дисциплинасы боюнча кесиптик компетенциялар төмөндөгү структуралардан турат:

1. Медицинада колдонулуучу заттарга аң-сезимдүү, сынчыл мамиле кылуу;
2. Заттар жөнүндөгү ар түрдүү булактардан келген маалыматтарга баа бере алуу жана бирдиктүү көз караштьы иштеп чыгуу;
3. Заттарды медицинада аң-сезимдүү, рационалдуу пайдалануу;
4. Химиялык ой-жүгүртүү, курчап турган дүйнөнүн кубулуштарын химиялык терминдер менен талдай билүү, химиялык тилде сүйлөө жана ойлонуу;
5. Химиянын күндөлүк турмуштагы маанисин жана анын коом турмушундагы, тамак-аш, энергетика, экология, медицинадагы маанисин түшүнүү;
6. Медицинада колдонулган заттар жөнүндөгү маалыматтарды билүү, ага байланыштуу көйгөйлөрдү аныктоо, алган билимдеринин негизинде талдоо жана баалоо;
7. Күндөлүк турмушта жана практикалык лабораториялык сабактарда заттар менен иштөөдө коопсуз иштөө, химиялык процесстерди башкара алуу.

Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн эффективдүү калыптануусунда маанилүү роль ойноп, өз алдынча жаңы билимдерге ээ болууга, зарыл болгон маалыматтарды издеп табууга, маалыматтарды чогултуу, изилдөө, божомолдорду түзүү, салыштыруу, анализ жүргүзүү, жыйынтык чыгара билүү, алган билимин кесиптик практикада колдоно билүү ишмердүүлүгүн өнүктүрөт, эс тутумунда да бекем сакталат. Ошол эле учурда студенттерди шыктандырат, пассивдүү угуучудан активдүүлүккө өзгөртөт, креативдүүлүк жөндөмүн автивдештирет, бири-бири менен жакындан кызматташууну жөнгө салат, жыйынтыгында предметке болгон кызыгууну жогорулатат. Мындай активдүү ой-жүгүртүү алардагы инсандык оң сапаттардын калыптанышына түрткү берет.

Кесиптик компетенттүүлүктү калыптандырууда чыгармачыл, ар түрдүү деңгээлдеги тапшырмалар сунушталат. Мисалы: сунушталган теманын бирөөсү боюнча билдирүүнү даярдоо, тигил же бул кубулуш же закондун демонстрациясын даярдоо, эксперименттик же чыгармачылык маселелерди чечүүнү издөө. Ар бир студент өзүн өнүктүрүүнүн ушул баскычында

өзүнө жеткиликтүү тапшырманы тандайт жана аткара алат. Эгерде ушул тема чоң кызыгууну пайда кылса, дароо бир нече тапшырмаларды аткарса болот.

Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды киришүү, жаңы материалды өздөштүрүү, өтүлгөн теманы бышыктоо, жыйынтыктоо сабактарында, студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууда колдонууга болот. Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар салттуу тапшырмалардан айырмаланат, анткени тапшырманын шарты сюжет, кырдаал же маселе түрүндө берилип, аны чыгарууда тапшырманын текстинде ачык көрсөтүлбөгөн билимдер колдонулат.

Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды түзүүдө төмөндөгүдөй структураларды эске алуу керек:

- Стимул – тапшырманын контекстине маани берүү менен тапшырманы аткарууга шыктандырат;
- Тапшырманы түзүү – тапшырманы аткаруудагы аракеттерди так аныктоо, б.а. тапшырманын мазмуну кандайдыр бир таанып-билүүчүлүк иш-аракеттерге багытталат;
- Маалыматтын булагы же шилтеме – ошол тапшырманы аткаруу үчүн керек болгон маалыматтарды камтыйт;
- Баалоо инструменти – тапшырманын аткарылышына баа берүү, баалоо критерийлеринен турат.

Бизге белгилүү химия предмети курчап турган дүйнөнүн закон ченемдүүлүктөрүн окуп үйрөтөт. Химиялык билимдердин практикада колдонулушун билүү үчүн ошол химиялык түшүнүктөрдү терең өздөштүрүү маанилүү. Химия окуу китептеринде компетенттүүлүккө багытталган, чыгармачыл ишмердүүлүктү өнүктүргөн тапшырмалар жокко эсе, көбүнчө күндөлүк турмуш менен байланышпаган, мазмундун берилиши көбүнчө маалымат берүү менен чектелген маселе, мисалдар. Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды аткаруу студенттерге химиялык процесстердин закон ченемдүүлүктөрүн, эрежелерин түшүнүүгө жардам берет.

Азыркы учурда компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалардын мааниси, билим сапатын жогорулатуудагы ролу, түзүлүшү, өзгөчөлүктөрү боюнча китептер, маалыматтар бар, бирок бардык мугалимдер колдоно ала турган дидактикалык материалдар аз, жок десек да болот. Ошондуктан мугалимдер окуткан предметтери боюнча компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды өз алдынча түзүүгө мажбур болууда. Жогоруда көрсөтүлгөн компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалардын структурасына ылайык органикалык эмес химия предмети боюнча 0601008 «Фармация» адистигинин 1-курс студенттери үчүн компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды иштеп чыктык.

Мисалы: “Эритмелердин концентрациялары” деген темада эритмелер жаратылышта, күндөлүк турмушта, өнөр жайда, айыл чарбасында, медицинада, фармацияда, ал гана эмес организмдеги зат алмашууда да колдонула тургандыгы айтылат. Биологиялык суюктуктардагы жана ткандардагы заттардын концентрациясынын нормадан четтөөсү организмдин абалынын маанилүү көрсөткүчү болуп эсептелет жана ар кандай оорулардын белгисин мүнөздөйт. Дарылык заттарды даярдоодо жана алардын үлүштүк өлчөмүн билүүдө концентрация боюнча билимдер абдан керек болот [6].

1-мисал: Эритмелердин концентрациялары

Стимул: Суук тийгенде мурунду туздун эритмеси менен чайкоо айрым оорулардын алдын алат жана айыктырат.

Тапшырма: 5% түү 250 грамм тамак-аш тузунун эритмесин даярдоо үчүн керек болгон туздун жана суунун массасын эсептеп чыгаргыла.

Малымат булагы: Организмге суук тийүүдө мурун бүтүп, ички былжыр чели сезгенип, чүчкүрүп, дене табы көтөрүлөт. Мурун бүткөндө тамак, кулак сезгенип, өпкөгө чейин таралышы мүмкүн. Ошондуктан мурунду туздун төмөнкү концентрациядагы эритмеси менен чайкоодо былжыр челдеги аллергендер, микроорганизмдер жок болот.

Маселени чыгаруу:

| Берилди: | Чыгаруу: |
|---|---|
| w = 5% | $w = \frac{m\ (\text{эриген зат})}{m\ (\text{эритме})} \cdot 100\%$ |
| $m_{\text{эритме}}$ = 250 грамм | $m_{(\text{эриген зат})} = \frac{w \cdot m\ (\text{эритме})}{100\%} = \frac{5 \cdot 250}{100\%}$ = 12,5 грамм (эриген зат) |
| $m_{\text{эриген зат}}$ =? | m (эритме) = m (эриген зат) + m (эриткич) |
| $m_{\text{суу}}$ =? | m (эриткич) = m (эритме) - m (эриген зат) |
| | m (эриткич) = 250 – 12,5 = 237,5 грамм (эриткич) |

1-таблица. Эритмелердин концентрациялары темасы боюнча баалоо инструменти

| № | Баалоо критерийлери | Упайы |
|---|---|---|
| 1 | Тамак-аш тузунун формуласын жазуу | 1 |
| 2 | Эритменин массалык үлүшүн аныктоо формуласын жаза алуу | 1 |
| 3 | Формула боюнча эриген заттын массасын табуу | 0,5 |
| 4 | Эриген заттын массасын эсептөө | 1 |
| 5 | Формула боюнча эриткичтин массасын табуу | 0,5 |
| 6 | Эриткичтин массасын эсептөө | 1 |

2-мисал. Темир иондору

Стимул: Кан өпкө аркылуу өткөндө гемдин составындагы темир атому кычкылтек менен кычкылданып, $C_4H_{32}O_4N_4Fe$ бирикмесин пайда кылат.

Тапшырма: Гемдин салыштырмалуу молекулалык массасын тапкыла.

Малымат булагы: Темир – адам организминде көп кездешүүчү маанилүү микроэлемент. Кандагы гемоглобиндин составында канга кызыл түстү берип туруучу темир иондору кармалат. Чоң кишиде 5 граммга чейин темир болуп, анын 80% жакыны эритроциттердеги гемоглобиндин составын түзөт. Гемоглобиндин составы төрт белоктук чынжырчадан турат жана ар бир чынжырчанын борборунда темир атому бар гемдин молекуласы болот [7].

Маселени чыгаруу:

$$Mr\ (C_4H_{32}O_4N_4Fe) = 12 \cdot 4 + 1 \cdot 32 + 16 \cdot 4 + 14 \cdot 4 + 56 = 256\ (\text{грамм})$$

2-таблица. Темир иондору темасы боюнча баалоо инструменти

| № | Баалоо критерийлери | Упайы |
|---|---|---|
| 1 | Кандын составын билүү | 1 |
| 2 | Гемдин формуласы | 1 |
| 3 | Темирдин организмдеги кызматын билүү | 1 |
| 4 | Гемдин составындагы эң көп атом | 1 |
| 5 | Гемдин массасын табуу | 1 |

3-мисал. Калий иондорунун биологиялык мааниси.

Стимул: Калий – тирүү организмдин клеткаларынын нормалдуу иштеши үчүн зарыл болгон микроэлемент. Ал организмдин ички чөйрөсүн түзүп, булчуңдарга нерв импульстарын өткөрүп турат, заара айдоочу касиетке ээ. Организмдеги бул элементтин өлчөмүндөгү кичинекей өзгөрүүлөр ар түрдүү ооруларды пайда кылат.

Тапшырма: Эгерде Асан 120 грамм кургатылган өрүк жана 2,5 грамм банан жесе, калийдин күнүмдүк керектөөсүн канааттандырган болобу? Жоопту эсептөөлөр менен чыгаргыла.

Маалымат булагы: Калий элементи-Менделеевдин мезгилдик системасындагы I группанын негизги топчосунда жайланышкан щелочтуу металл. Ал сууда жакшы эрийт, жумшак

металл болгондуктан бычак менен кесилет, туздары жалындын түсүн күлгүн түскө өзгөртөт. Анын туздары организмде бардык ткандарда эриген абалда кездешет. Калийдин жетишсиздиги организмдеги суюктуктардын алмашуусунун жана нерв системасынын бузулуусуна, кан басымдын жогорулашына, жүрөк ооруларына алып келет. Суткалык керектөө чоң адамдарда 3 мг/кг, жаш балдарда 10-12 мг/кг [7].

100 грамм кургатылган өрүктө 2,034 м/грамм калий, 370 грамм бананда 100 м/грамм калий бар.

Чыгаруу:

**1. Организмдеги калийдин суткалык өлчөмү 2-3 мг.**

120 г**рамм кургатылган өрүк жегенде, организмге түшкөн калийдин массасы:**

$$m\,(K) = \frac{120\,г \cdot 2{,}034\,мг}{100\,г} = 2{,}44\,мг$$

2. 2,5 г банан жегенде, организмге түшкөн калийдин массасы:

$$m\,(K) = \frac{2{,}5\,г \cdot 100\,мг}{370\,г} = 0{,}67\,мг$$

**3. Организмге түшкөн калийдин жалпы массасы:**

$$m(K) = 2{,}44 + 0{,}67 = 3{,}11\ \mathbf{мг}$$

**Жообу: организмдин калийди суткалык керектөөсү канааттандырарлык.**

3-таблица. Калий иондорунун биологиялык мааниси темасы боюнча баалоо инструменти

| № | Баалоо критерийлери | Упайы |
|---|---|---|
| 1 | Организмдеги калийдин суткалык өлчөмүн тапкыла | 1 |
| 2 | Кургатылган өрүктүн составындагы калийдин организмге түшкөн массасын эсептегиле. | 1 |
| 3 | Банандын составындагы калийдин организмге түшкөн массасын эсептегиле. | 1 |
| 4 | Организмге түшкөн калийдин жалпы массасын табуу | 1 |
| 5 | Калийдин организмдеги маанисин айтып берүү | 1 |

## Жыйынтыктар:

1. Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар – студенттерди тиешелүү тапшырманы аткаруу үчүн керек болгон маалыматты издөө, табуу, анализдөө жана чыгаруу жолдорун колдонуу боюнча иш-аракеттеринин жыйынтыгы экендиги аныкталды. Ошондуктан бул тапшырмалар бүгүнкү күндө студенттердин предметке, окууга болгон шыктануусун камсыз кылган каражат болуп эсептелери көрсөтүлдү.

2. Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар студенттерден ишмердүүлүктүн жаңы усулдарын талап кылып, ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүп, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүп, предметтерди интеграциялап өздөштүрүүгө, алган билимдерин системалаштырууга өбөлгө түзөөрү аныкталды.

3. Иштелип чыккан компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды орто мектептерде жана колледждерде химия предметин окутууда колдонууга боло тургандыгы белгиленди.

### Адабияттар тизмеси:


4. **Байденко, В.И.** Выявление состава компетенций выпускников вузов как необходимый этап проектирования ГОС ВПО нового поколения [Текст]: методическое пособие / В.И. Байденко. – Москва, 2006. – 72 с.
5. **Хуторский, А.В.** Ключевые компетенции как компонент личностно ориентированной парадигмы образования [Текст] / А.В. Хуторский. – 2003. – С. 58-65.

6. **Алтыбаева, М.А.** Кесиптик билим берүүдө окутуунун натыйжаларын долбоорлоо маселелери [Текст] / М.А. Алтыбаева. – Ош, 2018. – 14 с.
7. **Кособаева, Б.М.** Орто мектепте химиялык билим берүүнү өркүндөтүү [Текст] / Б.М. Кособаева. – Бишкек, 2013. – 118 с.
8. Государственный образовательный стандарт среднего профессионального образования по направлению: 060108 Фармация.
9. **Пустовалова, Л.М.** Неорганическая химия [Текст] / Л.М. Пустовалова, И.У. Никанорова. – Феникс, 2015. – 136 с.
10. **Матыев, Э.С.** Роль химических элементов и их соединений в экологии, биологии и медицине [Текст] / [Э.С. Матыев, Ж.А. Аденов, С.С. Касымова и др.]. – Технология, 2002. – С. 96-147.

DOI:10.54834/16945220_2022_3_133

Поступила в редакцию 24.05.2022 г.

**УДК:37.012.8:372.882:377**

***Байиева Б.А.***
*преп. Кырг.-Узбек. Межд. универ. им. Б. Сыдыкова, Кыргызская Республика*

## АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН «ЖЕҢИШБЕК» ПОЭМАСЫН ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

*Бул илимий макалада жалпы билим берүүчү орто мектептеринин кыргыз адабияты сабагында Алыкул Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасын окуучуларга натыйжалуу жеткирүүдө колдонулган окутуунун технологиялары жөнүндө сөз болот. Изилдөөнүн максаты–сабакта окуучуларга мерчемделген материалды толук өздөштүрүүсүнө негиз болгон окутуунун технологияларынын артыкчылыктарын көрсөтүү болуп эсептелинет. Изилдөөдө педагогикалык эксперимент усулу колдонулду. Изилдөөнүн натыйжасында А.Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасынын окутууда колдонулган технологиялар окуучуларга чыгарманын сюжетин жана анын эстетикалык, тарбиялык таасирин жогорку деңгээлде түшүнүүсү байкалды. Чыгарманын тексттин талдоо технологиялары аркылуу поэманын идеялык-тематикалык маанисин түшүнүү жолдору белгиленди. Окуучулар интеллектуалдык жана практикалык билгичтиктерге ээ болуу үчүн тест менен иштөө технологияларын колдонуунун натыйжалуулугу көрсөтүлдү. Изилдөөдө алынган жыйынтыктар орто мектепте кыргыз тили жана адабияты мугалимдерине сабакта колдонууга сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *«Жеңишбек» поэмасы; окутуунун технологиялары; текстти талдоо; фактологиялык суроолор; көркөм окуу.*

## ТЕХНОЛОГИИ ОБУЧЕНИЕ ПОЭМЫ АЛЫКУЛА ОСМОНОВА «ЖЕНИШБЕК»

*В данной научной статье речь пойдет о технологиях обучения, применяемых на уроках кыргызской литературы средних общеобразовательных школ для эффективного донесения до учащихся поэмы Алыкула Осмонова «Женишбек». Цель исследования–показать преимущества технологий обучения, которые являются основой для полного усвоения учащимися намеченного материала на уроке. В исследовании применен методика педагогического эксперимента. В результате исследования было замечено, что технологии, используемые при изучении поэмы А. Осмонова «Женишбек», дают учащимся высокий уровень понимания сюжета произведения и его эстетического и воспитательного воздействия. Отмечены пути осмысления идейно-тематического смысла поэмы через технологии анализа текста произведения. Показана эффективность использования технологий работы с тестами для приобретения учащимися интеллектуальных и практических навыков. Результаты, полученные в ходе исследования, рекомендованы учителям кыргызского языка и литературы общеобразовательных школ для использования на уроках.*

***Ключевые слова:*** *поэма «Женишбек»; технологии обучения; анализ текста; фактические вопросы; художественное исследование.*

## LEARNING TECHNOLOGIES OF ALYKUL OSMONOV' POEM «JENISHBEK»

*This scientific article will focus on the teaching technologies used in the lessons of Kyrgyz literature in secondary schools to effectively convey to students the poem by Alykul Osmonov "Jenishbek". The purpose of*